- Транспорттук каражаттарга салык план боюнча 1410,0 миң сом болсо, 1367,7 миң сом чогултулуп, план- 97,0 пайызга аткарылды.
- Салык агенти төлөөчү киреше салыгы- план боюнча 1885,0 миң сом болсо, 1817,5 миң сомго аткарылып, план 96,4 пайызга ашыкча аткарылды.

### Айыл чарбасы, жер иштетүү жана мал чарбачылыгы боюнча

Кочкорбаев айыл аймагында айыл чарба жерлеринин жалпы аянты 6888 га, анын ичинен 3555 га айдоо аянты, 950 кайрак жер, 27 га көп жылдык чөптөр, 32 га чөп чабык аянты, 2324 га жайыт. ГФСУ жеринин жалпы аянты 1117 га, анын ичинен 773 га суу баскан, 388 га кайрак, 7 га көп жылдык чөп, 3 га чабык аянт болуп эсептелет. Жергиликтүү башкаруу бийлиги жердин агрардык реформасы менен тыгыз байланышта. Жер агрардык реформасынын жүрүшүндө 551 дыйкан чарбасы түзүлгөн. Аларга 2781, 3 га берилген. ГФСУ жерлеринин жалпы 1171 га жери дыйкандарга аукциондун негизинде ижарага берилди. 2013-жылга салыштырмалуу.

ГФСУ жерлер конкурстук негизде берилип, өз убагында арендалык салыгы төлөнүп турат. Кочкорбаев айыл аймагында 2020-жылда дыйкан жана фермердик чарбасы боюнча каттоодон 1684 чарба өткөн.

Кочкорбаев айыл аймагында 64 базалык чарбасы жана аянты 86,9 га. жерде орун алган.

Аларга төмөндөгүлөр кирет: ОКХ Уку-Барат, АВП “Кенеш-Суу”, АВП “Ай Барат”, СООППВ “Вода-это жизнь”, ОсОО “Монолит”, 2 автомай куйууучу станция, 2 тегирмен, 3 дробилка, 22 дүкөн, 1 гараж, 5 киоск 1 таш талкалоочу цех, 2 машинанын дөңгөлөгүн желимдөөчү жайы, 1 кафе Сулейман, ресторан “Ырыс-Ордо” жана “Жаян” эс алуучу жайы, “Жибек жолу” кафеси, “Султан Фут” чакан ишканасы, “Нур сүт” сүттү кайра иштетүүчү цех, “Нур”, “Кайрат” авто жуугуч жайлары, “Кенеш” авто унаа майын алмаштыруу жайы, 2 авто унаа оңдоочу жай.

2021-жылдын 1-январына малдын саны:

Ири мүйүздүү малдар - 4669
Койлор – 7125
Жылкылар- 1213
Чочколор – 220
Тоок – 50 480

Баардык ветеринардык-санитардык иш–чаралар түзүлгөн эпизоотикалык планга ылайык жүргүзүлдү.

“Азия -1” вакцинасы шарпка карата - 3200 баш малга жүргүзүлдү. Анын ичинен 1200 баш малдан кан алынып бруцеллезго текшерилди. Учук оорусуна каршы – 1200 малга, тери ооруларына каршы- 3500 баш бодо малга, сибир жарасына каршы- 3700 башка эмдөө иштери жүргүзүлгөн. Чочколор боюнча чумага жана ичеги куртка каршы- 55 баш мал эмделген. 6300 баш үй канаттуулар чумага каршы эмделди. Н. Ласота 6300 баш канаттууга салынды. Кароосуз калган 85-баш ит атылып, айыл өкмөтүнүн бюджетинен 23,8 миң сом акча каражаты жумшалды. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын